Ош облустук коомдук-саясий гезити

www.oshinfo.kg

# Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№19 [16977] ИШЕМБИ, 26/07/2025

## «Мейкин Азия»: Ысык-Көлдү дүйнөлүк жылдыздар менен жарык кылган фестиваль



8-бетте

## Социалдык-экономикалык өнүгүүнүн жыйынтыгы



2-бетте

## ӨНҮГҮҮГӨ ӨР АЛГАН КӨК- БЕЛ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ



4-бетте

## СУУ – ӨМҮР БУЛАГЫ



3-бетте

## КАЛККА ЖЕТКИЛИКТҮҮ МЕДИЦИНАЛЫК ЖАРДАМ КӨРСӨТҮҮ ИШКЕ АШУУДА



5-бетте

**"Ош жаңырыгы" сиздер менен!**

"Ош жаңырыгы" гезитине 2025-жылдын II жарым жылдыгы үчүн жазылуу жүрүп жатат.

**Жазылуу баасы 6 айга 600 сом (1 даана), 1 жылга 1200 сом.**

Курьер кызматы жана почта аркылуу жазылганда баа өзгөрөт.

Ош облустук коомдук-саясий гезити
Ош жаңырыгы
ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

Ош облустук коомдук-саясий гезити
Ош жаңырыгы

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

**Башкы редактор:**
КАРАКОЗУЕВ
Асанбек Курманбекович

**Жооптуу катчы:**
Канымжан
Кыдыралиева

**Нөөмөтчү**
М.Жуманазаров

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

**Буюртма №: 929**
**Нускасы: 1700**

**Реквизиттер:**
Р/эсеп: 4407011102006594
Бик: 440701, КР ФМ Борбордук казынасы
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371, Ош шаары МСКБ 032

**Дареги:** 723500, Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт. Кол жазмалар кайтарылбайт.

**Байланыш:**
Кабылдама: **7–13–34**
Жооптуу катчы: **7–10–02**
Жарнак бөлүмү: **7–11–31**
E-mail: **oshjan@mail.ru**


Гезитибиздин сайтына жогорудагы QR-код аркылуу кириңиз.

Гезитибиздин келе жаткан жаңы сандарына жазылууга жана жарнама кызматы үчүн жогорудагы QR-кодду колдонуңуз.
Терең урматтоо менен,
"Ош жаңырыгы" гезитинин редакциясы!

# Социалдык-экономикалык өнүгүүнүн жыйынтыгы



Жакында Ош облусунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн 2025-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча коллегиялык жыйын өттү.

Жыйынга Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Эльчибек Джантаев, өкүлдүн орун басарлары, коллегия мүчөлөрү, район акимдери, облустук мекеме-ишканалардын жетекчилери жана айыл өкмөт башчылары катышты.

Коллегиянын күн тартибинде төмөнкү маселелер каралды:

1. Облусунун 2025-жылдын биринчи жарым жылындагы социалдык-экономикалык жыйынтыктары жана экинчи жарым жылдыктагы милдеттер;

2. "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (№179, 2023-жылдын 11-августу) аткарылышы.

Күн тартибиндеги маселелер боюнча өкүлдүн орун басары Илияз Ташбаев жана социалдык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Кенжебек Абдылдаев баяндама жасашты.

2025-жылдын январь-июнь айларында Ош облусунда 8 млрд 571,8 млн сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 105,3% түздү (2024-ж. 6 ай — 103,3%).

Бул мезгилде 58 жаңы ишкана ачылып, 703 жаңы жумуш орду түзүлдү. Жалпы 2 млрд 319 млн сомдон ашык инвестиция тартылып, өткөн жылга салыштырмалуу инвестиция көлөмү 1 млрд 554 млн сомго өстү.

Министрлер Кабинети тарабынан 2025-жылы ишке ашуучу 134 долбоордун ичинен 19 долбоор өнөр жай тармагында Ош облусуна тиешелүү, алардын 4ү Кара-Суу районунда ишке ашырылды.



Мамлекеттик бюджетке чегерилүүчү салыктар жана жыйымдар боюнча план 106,9%га аткарылып, 2 млрд 759,5 млн сом чогултулду. Өткөн жылга салыштырмалуу 20% өсүү байкалды.

Дотациянын үлүшү 16,5% болуп, 2024-жылга салыштырмалуу 3,6%га төмөндөдү.

6 ай ичинде жалпы 9 млрд 248,5 млн. сомдук инвестиция тартылып, өсүү 138,1% түздү. Анын 95,8% ички инвестиция (8 млрд 855,4 млн сом).

Ош облустук өнүктүрүү фондусунан 250 млн сом бөлүнүп, 27 долбоор социалдык, 2 долбоор экономикалык багытта ишке ашырылууда.

Облуста айыл чарба продукциясы 23 млрд 53,7 млн. сомго өндүрүлүп, физикалык көлөм индекси 103,4% түздү. Бул Кыргызстандын жалпы айыл чарба өндүрүшүнүн 18%ын түзөт.

2024–2025-окуу жылында 524 мектепте 274 930 окуучу билим алып, 20 215 мугалим эмгектенди. 43 мугалим жетишпейт. Олимпиадага 279 окуучу катышып, 34ү республикалык IV баскычка өттү. Билим сапаты 48,7%дан 49,5%га жогорулады.

Балдарды мектепке чейинки билим берүү менен камтуу 33,3% түзүп, 623 бала бакча жана 257 кошумча тайпа иштеди. Жалпы 63 136 бала тартылган.

2025-жылы Ош облусунда 325,1 км жолду асфальттоо пландалса, учурда 112,4 км жолго асфальт төшөлдү. Ири долбоорлордун бири — Кара-Суу районундагы "Т" кесилишинде жол курулушу башталган. Өзгөн, Ноокат, Алай жана башка райондордо да масштабдуу иштер жүрүүдө.

Облус боюнча 28 таштанды төгүү жайынын 13ү санитардык талаптарга жооп бербейт. Маселе мурда да көтөрүлгөнү менен көрүнүктүү жылыш байкалган жок.

37095 арыздын ичинен 13843ү каралып, 13259 мамлекеттик акт берилген. Бирок 907 арыз чечилбей, 584 адам дагы эле акт ала элек.

Турак жайларды милдеттүү камсыздандыруу — 51,9%. Мамлекеттик имараттар — 63,9%.

Автоунаалар — 83,9%

Жыйын соңунда облус жетекчиси Эльчибек Джантаев ар бир тармак боюнча аткарылган иштерге токтолуп, кемчиликтерди жоюу жана экинчи жарым жылдыкка карата так милдеттерди койду. Өнүгүү программасын кабыл албай жаткан айрым район, шаар, айыл өкмөттөрдүн иши сынга алынып, тиешелүү жетекчилерге эскертүүлөр берилди.

# Мыйзамсыз соода түйүндөрү алынат



КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Эльчибек Джантаевдин тапшырмасына ылайык, Кара-Суу районуна караштуу Датка айыл аймагындагы Фуркат, Медресе айылдарын аралап өткөн Ош–Алай жолунун боюнда жайгашкан мыйзамсыз соода жана курулуш объекттери боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Иш-чарага Ош облусунун башчысынын биринчи орун басары Курбанбек Айтибаев, Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы — акимдин биринчи орун басары жана тиешелүү мамлекеттик органдардын өкүлдөрү катышты.

Жеринде өткөрүлгөн жолугушууда мыйзамсыз соода түйүндөрүнүн ээлерине мыйзам талаптары түшүндүрүлүп, жол боюндагы уруксатсыз курулуштарды 3 күндүн ичинде алуу боюнча эскертүү берилди.

Мындан тышкары, жол боюндагы соода объекттерин райондук архитектура тарабынан сунушталган бирдиктүү дизайнда көрктөндүрүү жана тиешелүү талаптарга ылайык оңдоп-түзөө зарылдыгы белгиленди.

Жарандар мыйзамдуулукту сактоого, жол коопсуздугун камсыздоого жана мамлекеттик органдар менен тыгыз кызматташууга чакырылды.

**Даярдаган:**
**К.Кыдыралиевыа.**

# СУУ – ӨМҮР БУЛАГЫ

**Куттубай Ирисалиев 1991-жылы К.И.Скрябин атындагы айыл чарба институтунун гидрология факультетин аяктап, инженер-гидротехник адистигине ээ болгондон бери Кара-Суу районундагы суу чарба башкармалыгында жооптуу кызматтарды аркалап, өмүр булагы болгон суу чарба тармагынын ысык-суугун, ачуу-таттуусун башынан кечирген тажрыйбалуу адис. Эки жылдан бери аталган башкармалыктын башчысы.**

**Биздин кабарчыбыз жакында ага жолугуп, азыркы учурда жүргүзүлүп жаткан жумуштар тууралуу бир катар суроолорду узаткан болчу.**



**- Куттубай Ураимжанович, Кара-Суу районундагы суу чарба башкармалыгы быйылкы жылы 29 суу пайдалануучулар ассоциациясы жана 2 муниципалдык суу чарба ишканасы менен 16 млн. 305 миң сомдук 141 млн.366 миң куб метр көлөмдөгү сугат суусуну жеткирип берүү боюнча келишим түзгөн болчу. Ал иш жүзүнө ашып жатабы?**

-Албетте, айтылган убаданы турмушка ашыруу үчүн ага алдын ала даярдык көрүү абзел. Бул багытта Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын январь айында атайын чыгарган №4-буйругунун негизинде суу чарба башкармалыгынын карамагында турган мамлекеттик, чарбалар аралык каналдарды, гидротехникалык жана суу өлчөөчү курулмаларды, насостук станцияларды сугат мезгилине даярдоо боюнча конкреттүү тапшырма берилген. Анда жалпысынан 20 млн. 887,9 миң сомдук жумуштарды аткаруу пландаштырылган.



Райондо быйыл 31 964 гектар аянтка жүгөрү, көп жылдык тоют, буудай сыяктуу кылкандуу дан өсүмдүктөрү эгилди. Ошончо аянттагы сугат жерди суу менен камсыздоо маселеси бир топ уюштуруу ишин талап кылат. Бул жерде белгилеп өтүүчү жагдай, мамлекетибиздин экономикасы мурдагы жылдарга караганда өнүгүп, суу чарба тармагы да техникалар жана керектүү жабдуулар, тетиктер менен толукталып, ишти тез жана сапаттуу жүргүзүүгө өбөлгө болуп жатат. Башкармалыктын карамагында жалпы чарбалар аралык каналдар 375,4 кмди түзөт. Анын ичинен быйыл өтө зарыл болгон 2,6 км аралыгы ремонттолуп, 59 км аралыгы механикалык тазалоодон өткөрүлдү. 331 гидротехникалык курулмалардын 41 даанасы, 221 суу өлчөөчү курулмалардын 9 даанасы сапаттуу ремонттон чыгарылды. Райондогу «Эшме», «Мады», «Чоң-Сай», «Отуз-Адыр» насостук станцияларындагы 19 насостук агрегаттардын ичинен 9у ремонттон өткөрүлдү. Үстүбүздөгү жылдын 6 айынын ичинде белгиленген план толугу менен аткарылып, ремонтоо жумуштары сугат мезгилине чейин толугу менен бүткөрүлдү.

**- Өткөн жылы Кыргыз Республикасынын суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министринин орун басары- директор А.Т.Сокеевдин буйругунун негизинде Кара-Суу районундагы суу чарба башкармалыгынын карамагына «Ак-Суу» жана «Увам» суу пайдалануучулар ассоциацияларына тиешелүү «Як-Калик» жана «Увам» каналдары кайтарылган болчу. Азыркы учурда аталган каналдардын абалы кандай?**



- Баарыңыздарга маалым, бул каналдардын абалы чынында эле кыйын болчу. Аларды ремонттоо жумуштарын өткөн жылы эле баштаганбыз. Алсак, «Як-Калик» каналынын 85 метр аралыгы бетондолду. 14 км аралыгына механикалык тазалоо жумуштары аткарылды. 15 даана гидротехникалык курулмалар жаңыланып, 12 даана суу өлчөөчү курулмалар курулду. Жалпысынан алганда 2 млн. 967, 99 миң сомдук жумуштар жасалган.

Быйылкы жылы 200 метр аралыгы бетондолуп, 11 даана гидротехникалык курулмалар жаңыланып, 11 даана суу өлчөөчү курулмалар курулду. Жалпысынан алганда 2 млн. 829,073 миң сомдук жумуштар жасалды. Каналдын бир бөлүгү Ош шаарын аралап өтөт, анын Масалиев көчөсүндөгү көп кабаттуу 65-үйдүн тушундагы нугунан суу ашып, үйдүн жертөлөсүн нымдап, жашоочулардын чочулоосун пайда кылгандыктан, каналдын ошол жерине иликтөө жүргүзүп, аны кайра баштан оңдоп чыктык.

**-Кара-Суу районундагы Савай каналынын үстүндө жайгашкан айылдарга суу жеткирүү маселеси суу чарба башкармалыгы үчүн көйгөйлөрдү жаратып келет. Бул абалдан чыгуу үчүн кандай аракеттер жасалып жатат?**

-Туура айтасыз. Бул абалдан чыгуу үчүн штабда бекитилген график менен кезектешип сугаруу ыкмасын колдонуп жатабыз. Дыйкандардын сугат сууга болгон тартыштыгын азайтуу маселеси насостук курулмаларды куруу жолу менен чечилет. Башкармалык бир топ мезгилден бери суу жетпеген Сары-Колот, Отуз-Адыр, Эркин, Савай- Арык, Кыш- Абад, Курбан-Кара, Ак-Таш айылдарынсугат суу менен камсыз кылуу үчүн 8 насостук курулмаларды куруу боюнча сунуштарын коюп келе жатат. Анын ичинен Ынтымак Савай, Эркин-Сай насостук курулмаларынын сметалык-долбоор аягына чыгып, аны курууга тендер жарыяланганы турат. Бул обьектилер пайдаланууга берилип калса, 600 гектар жер аянты сугат суусу менен камсыз болмокчу. Азыркы учурда Ак-Таш-Савай насостук курулмасынын сметалык долбоору даярдалып жатат. Кийинки жылдары Тынчтык Савай, Курбан-Кара Савай, Кожомбак Савай, Чок-Маала Савай, Фархад Савай насостук курулмаларынын сметалык долбоорлору даярдалмакчы.



**- Кийинки мезгилде райондун аймагында тамчылатып сугаруу ыкмасы колдонулуп жатат. Өткөн жылы 128 гектар аянт жер ушул ыкма менен сугарылган болчу. Быйыл өсүш барбы?**

-Өсүш бар, быйыл тамчылатып сугаруу ыкмасы менен сугарылып жаткан аянт 248 гектарга жетти. Тамчылатып сугаруу ыкмасына кызыгуу райондогу Манас, Жоош айыл өкмөттөрүндө байкалып жатат. Тамчылатып сугаруу - жер иштетүүчү субъектилер абдан ыңгайлуу болуп турат. Суу эки эсеге үнөмдөлөт, суу үчүн болгон төлөм да кыскарат, себеби алар үчүн жеңилдиктер каралган. Быйылкы жылы бул ыкманы мамлекеттик үрөн чарбалар, тажрыйба станциялары Кытай Эл Республикасынан келген инвесторлор менен келишим түзүшүп, алар менен түз иштешип жатат.



Тамчылатып сугаруу ыкмасынын келечеги бар. Тек, биз түшүндүрүү жумуштарын күчөтүүбүз зарыл.

**Маектешкен: Төлөнбай Абдыразаков.**

# ӨНҮГҮҮГӨ ӨР АЛГАН КӨК- БЕЛ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

**Ноокат районунун Көк-Бел айыл өкмөтүнүн 2024-жылдагы социалдык-экономикалык өнүгүүсү жана 2025-жылга карата ишке ашырыла турган максаттары тууралуу аталган айыл өкмөтүнүн башчысы Маматов Маратбек Раимбердиевичтен маалымат алдык. Төмөндө аны окурмандардын назарына сунабыз.**



## АЙЫЛ ЧАРБА ТАРМАГЫ

Көк-Бел айыл аймагы боюнча жалпы жердин аянты 12840 га. Анын ичинен: кайрак айдоо жерлери 1772 га, чөп орок жерлери 387 га, жалпы жайыт жерлери 8304 га. Жакынкы жайыт жерлери 3034 га,ургалдуу жайыт жерлери 5270 га, калктуу конуш жерлери 358 га. Ал эми кайра бөлүштүрүү фондунун жери 1018 га, анын ичинен айдоо жери 494 га, чөп орду 523 га.

2024-жылдын түшүмү үчүн эгилген кылкандуу дан эгиндерин оруп- жыйынoону өз мөөнөтүндө уюштуруу иштери алып барылды. Айыл чарба көрсөткүчтөрүнүн көлөмүн жогорулатуу максатында «Айыл банк» менен биргеликте эгиндердин сорттуулугу жаңыланып, көп түшүм берүүчү сорттору пайдаланылды.

Айыл чарба өндүрүүчүлөрүн колдоо үчүн айыл чарба продукцияларын жакшыртуу максатында, күйүүчү май, күздүк буудай үрөндөрүн таркатууда жүргүзүп жаткан мамлекеттин саясатын колдоодо мамлекет тарабынан келген күйүүчү май, күздүк буудай, алардын ар бирин дыйкан, фермерлерге жеткирүү жана түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Ошондой эле күйүүчү майды фермерлер жана дыйкан чарбалары алышты. Мамлекет тарабынан 31 тонна үрөн келип, 17 дыйкан үрөн эгишти. Жалпы 730 га жерге, анын ичинен 420 га жерге буудай эгилип, түшүмдүүлүгү 19 центнерди түздү. 310 га жерге арпа эгилип, түшүмдүүлүгү 21 центрнерден болду. 1656 га жерге беде, эспарцет (экме чөп), 55 га жерге картошка эгилди.

Бул маалыматтарга кошумчалап кетсек, КРнын МКнин 2022-жылдын 31-майындагы №291 токтому менен бекитилген «Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» жобонун негизинде 179 жаранибызга токтом чыгып кызыл китепке ээ болушту. Трансформация болгон 43 га жер тилкесине айыл өкмөтү тарабынан комиссия түзүлүп, турак жайга муктаж тургундарыбыз тактальп бүтүп, 522 жаранибызга Ноокат райондук архитектура кызматкерлери тарабынан такталып жарандарыбызга жер таркатылып берилди.

## ИНВЕСТИЦИЯ

Көк-Бел муниципиалдык тигүү цехине АРИСтин "Cassa 1000" долбоору аркылуу 2 636 330 сом курулуш иштерине, 30 даана тигүү машинасына 2 835 000 сом , жергиликтүү бюджеттен 300 000 сом каржыланган. Кайынды толук эмес 100 орундуу орто мектеби Капиталдык курулуш башкармалыгы тарабынан каржыланып, СК Мадан ЖЧКсы тарабынан 38 387 407 сомго курулуш иштери жүрүп жатат. Быйылкы жылы пайдаланууга берүү пландалууда. Ак-Буура дарыясынан Көк-Бел айылына тартылган сууга Ош областтык өнүктүрүү фонду тарабынан 5 000 000 сом каржыланып, жергиликтүү бюджеттен 900 000 сом каржыланып, курулуш материалдары алынып келинди.

Ноокат-Папан жолундагы Н.Исанов көчөсүнө айыл тургуну Тагаев Эркинбектин демөөрчүлүгү менен көпүрө курулду. 3-база участкасындагы көпүрө Нүкөшовдордун демөөрчүлүгү менен курулду. Жаңы конушка айыл тургуну Көчконбаев Маматурайымдын демөөрчүлүгү менен жер астынан таза суу чыгарылды. Исанов көчөсүндөгү суу сактоочу кампанын жанына жеке аты айтылбаган жарандын демөөрчүлүгү менен жер астынан таза суу чыгарылды. Айыл тургуну Тиллаев Жолойбектин демөөрчүлүгү менен Кайрагач көчөсүнө шагыл төшөлүп, тегизделди. Айыл тургуну Бакировдордун демөөрчүлүгү менен Орто Мойнок көчөсүн жарыктандырылды.



## ИНФРАТҮЗҮМ

Көк-Бел айыл өкмөтү тарабынан Комсомол көчөсүнө 600 м. аралыкка 4 000 000 сомго асфальт төшөлдү. Н.Исанов көчөсүнө 3 км. аралыкка тротуар орнотууга долбоор түзүлүп, жалпы суммасы 16 000 000 сомду түздү. 2023-жылы 4 023 000 сом, 2024-жылы 2 000 000 сом каржыланып, 1 км. аралыка тротуар курулду.

Көк-Бел айылындагы Ак-Таш көчөсүнө, Шамал-Бак көчөсүнө, Жаштар көчөсүнө, Курманжан датка көчөсүнө, Россия көчөсүнө, Ак-Кептер көчөсүнө, Турдумамат ажы көчөсүнө 1 000 000 сомго шагыл төшөлүп, тегизделди. Көк-Бел айылындагы Курук-Тоголой көчөсүнө, Жорголот көчөсүнө, Турдумамат ажы көчөсүнө, Ынтымак көчөсүнө, Туюк көчөсүнө, Ак-Таш көчөсүнө, Шамал Бак көчөсүнө, Алчалуу көчөсүнө, Табакал көчөсүнө, Дөң көчлөрүнө электр мамычалары алынып келинип, орнотулду.




## Таза суу жана жашыл мурас

Н.Исанов көчөсүнүн боюна жергиликтүү бюджеттин эсебинен 1 019 000 сом каржыланып, 100 м3 суу сактоочу кампа курулду. Ак-Буура дарыясынан Көк-Бел айылына тартылган сууга жергиликтүү бюджет тарабынан 2 100 000 сом каржыланып, Көк-Бел айылындагы Суулуу-Тоголой көчөсүндөгү 250 м3 суу сактоочу кампага чейинки курулуш иштери бүткөрүлдү.

Көк-Бел айылынын жаңы конушундагы Фирдаус мечитин аймагындагы 100 м3 суу сактоочу кампасына жергиликтүү бюджеттин эсебинен 150 000 сомго суу түтүктөрү алынып, жергиликтүү тургундардын жардамы менен ашар жолунда таза суу тартылды. Суулуу-Тоголой участкасындагы сел алып кеткен суу линияларына. суу түтүгү жергиликтүү бюджеттин эсебинен алынып келинди. Суулу-Тоголой участкасына жергиликтүү бюджеттен 80 000 сом каржыланып, суу түктөрү алынып келинди.

Жалгыз-Тал участкасындагы таза суу линияларына жана суу түтүктөрүнө, булак айланасын тосууга 175 000 сом каржыланды. Жангак, өрүк, алма жана кайрагач көчөттөрү жалпысы 600 даана айыл өкмөтү тарабынан тосулган жерлерге тигилди. Ошондой эле айыл өкмөт тарабынан соцобъектилердин ар бирине кайрагач, ак-кайың, алма, өрүк көчөттөрү берилди.

## СОЦИАЛДЫК ТАРМАК

Көк-Бел айыл аймагында аз камсыз болгон жөлөк пул алуучулар 225 үй-бүлөнү түзөт .КРнын 2022-жылдын 15-июнундагы №385 токтомунун негизинде 68 жаран социалдык келишим түзүп, кайтарымсыз 100 миң сомдон алып, өздөрүнүн жазган бизнес планынын негизинде ишкердигин жүргүзүп келе жатат.

Көк-Бел айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен Көк-Бел айыл өкмөтүндөгү ВИЧ илдетине кабылгандарга 40 000 сом, кургак учук илдетине кабылган 6 жаранга 3 миң сомдон 18 000 сом берилди. Карыялар күнүнө карата 72 000 сом, ошондой эле жалгыз бой жашаган карыяларга 25 даана электр ысыткыч жана жылуу жууркан алынып берилди.

Карыялар күнүнө карата аксакалдар сотуна 20 000 сом, мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга арызынын негизинде 50 000 сом тапшырылды. ЧАЭС катышуучуларына 18 000 сом, Ооган согушунун катышуучусуна 10 000 сом, Баткен коогалаңынын катышуучуларына 40 000 сом, тоголок жетим балдарга депозит ачылып 1 балага 5000 сом, 16 жашка толгон тоголок жетим балага паспорт 2180 сомго алынып берилди. Ал эми арыз менен кайрылган жарандарга 220 000 сом, чет өлкөгө операцияга барган 1 жаранга 100 000 сом суммасында жардам көрсөтүлдү.

Айыл өкмөттүн аймагындагы 1 тоголок жетим жана -1 аз камсыз болгон үй-бүлөнүн балдарын ЖРТга даярдоо боюнча окуп жаткан курстун акчасы 10 000 сом айыл өкмөт тарабынан каржыланды. Томолой жетим балдарга жайкы эс алуусуна баруу үчүн жол акысына 4000 сом каржыланды.

КРнын Турак жай кодексинин №44 беренесинин негизинде 6 томолой жетим бала тамарка жер тилкеси менен камсыз болду. Айыл өкмөттүн аймагындагы 1 мүмкүнчүлүгү чектелген жана 1 аз камсыз болгон үй-бүлөнүн балдарынын балдар бакчасындагы төлөмү айыл өкмөт тарабынан каржыланды.

## БИЛИМ БЕРҮҮ

Көк-Бел айыл аймагында эки толук, эки толук эмес мектептер жана бир мектепке чейинки билим берүү мекемеси жайгашкан. Электр энергиясы жок болгон убакытта пайдалануу үчүн генераторлор 194 700 сомго жергиликтү бюджеттен алынып берилди. Көк-Бел айыл аймагында эки толук, эки толук эмес мектептер жана бир мектепке чейинки билим берүү мекемелерине күз-кыш мезгилине жалпысы 226 тонна көмүр 889 630 сомго алынып келинди.

Жергиликтүү бюджеттен билим берүү мекемелеринин жайкы, кышкы кезектеги оңдоп - түзөөлөрүнө 320 000 сом каржыланды. К.Абылакимов атындагы Көк-Бел орто мектебинин күн чыгыш тарабындагы эшик терезелери Ноокат өнүктүрүү фонду тарабынан жана айыл өкмөтүнүн 304 200 сом салымы менен алмаштырылды. К.Абылакимов атындагы Көк-Бел орто мектебине 60 000 сомго интерактивдүү доска жана ноутбук алынып берилди. А.Раев атындагы башталгыч класс мектебинин астына "стяжка" төшөлдү, 138600 сом жергиликтүү бюджеттен каржыланды. Ошондой эле Көк-Бел нуру МЧБМнин көмүр сактоочу жайы жергиликтүү бюджеттен 98 570 сомго курулду. 100 орундуу бала бакчанын курулушуна жергиликтүү бюджеттен 2 000 000 сом каржыланып, ички курулуш иштери аткарылды.

## МАДАНИЯТ

Көк-Бел айыл өкмөтүндө 2024-жылга карата каралган спорттук оюндарына жана майрамдык оюн- зоок иш- чараларга жалпы 700 000 сом каралып, 591 914 сом жумшалды. 23-сентябрь -Мамлекеттик тил күнү Көк-Бел айыл аймагынын мекеме - ишканалары менен биргеликте кызуу белгиленди. Айылдагы Н. Исанов, К.Абдылакимов атындагы орто мектептердин мугалимдери жана окуучулары тарабынан даярдалган чакан концерттик программасы менен Сармерден уюштурулуп, "Э. Калдаров" атындагы маданият үйүндө жалпы Көк-Бел элине тартууланды. Айыл аймагындагы мекеме- ишкеналардын барында Мамлекеттик тил күнүнө карата иш-чаралар өткөрүлдү. Анда "Тил баян", "Манас" айтуу, "Кыргыз күүлөрү жана бийлери" коштолуп аткарылды.

**Бурма Ысакова.**

# КАЛККА ЖЕТКИЛИКТҮҮ МЕДИЦИНАЛЫК ЖАРДАМ КӨРСӨТҮҮ ИШКЕ АШУУДА

**Саламаттыкты сактоодо эң негизги максат-калкка жеткиликтүү жана үзгүлтүксүз медициналык жардам көрсөтүү. Бул максатты ишке ашырууда үй-бүлөлүк дарыгерлер топторунун орду өзгөчө. Алар жер-жерлерде калктын ден соолугун көзөмөлдөп, алдын алуу иш-чараларын жүргүзүп, биринчи медициналык жардамды ыкчам көрсөтүү менен жигердүү иштеп жатышат. Өзгөн райондук Жалпы дарыгерлер практикалык борборунун (ЖДПБ) курамындагы үй-бүлөлүк дарыгерлер топтору айыл жерлеринде ден соолукту сактоонун алдыңкы мисалын көрсөтүп келишүүдө. Бул борбор калктын саламаттыгын чыңдоодо, оорулардын алдын алууда жана үй-бүлөлүк медициналык жардам көрсөтүүдө чоң тажрыйба топтогон. ҮДТтердин үзүрлүү ишмердүүлүгү, эл менен болгон тыгыз байланышы жана адистердин өз ишине берилгендиги борбордун жалпы ийгилигинин негизин түзөт,-дейт Өзгөн ЖДПБнын директору Мамасадыкова Бермет Алайчиевна.**



## Үй-бүлөлүк дарыгерлердин калкты тейлөөсү

Өзгөн районунун калкын медициналык тейлөөдө 1 ЖДПБ, 1 стационардык оорукана, 1 тиш дарылоо эмканасы, 13 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, 32 фельдшердик- акушердик пункттар (ФАП) иштөөдө. Өзгөн ЖДПБда 193 дарыгер, 545 орто медициналык кызматкер, 207 кенже медициналык кызматкерлер, 109 башка кызматкерлер эмгектенет. Сапаттуу медициналык кызмат көрсөтүүдө кесиптик деңгээлди жогорулатуу маанилүү. Бул багытта облустук кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу борборунан 17 дарыгер, 69 орто билимдүү медициналык кызматкерлер окуудан өттү.

Өзгөн ЖДПБ райондун Өзгөн шаары, Төрт-Көл, Жылалды, Ийри-Суу, Заргер, Жазы, Кызыл-Тоо, Дөң-Булак, Баш-Дөбө айыл аймактарын камтыйт, мындагы калктын саны 150280 түзөт. Үстүбүздөгү жылдын өткөн алты айында жалпысынан 32027 бейтап дарыгерлерге кайрылган. 1120 бейтап ооруканага жатып дарыланды, дарыгерлердин жалпысынан бейтаптын үйүнө баруусу 1273тү түздү.

Айыл аймактарда саламаттык сактоону өнүктүрүү маанилүү, негизги максат – жарандардын жашаган жерине карабастан, ар бир адамга сапаттуу жана өз убагында медициналык жардам көрсөтүлүшүн камсыз кылуу кажет. Аталган борбордо негизинен медициналык кызмат көрсөтүүнүн сапатына жана калк үчүн жеткиликтүүлүгүнө басым жасалууда. Анын аймагында учурда тамак-аш үчүн жаңы имараттын курулушу жүрүп жатат. Бул мекеменин мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтип, бейтаптар менен кызматкерлер үчүн шарттарды жакшыртууга өбөлгө болот. Ошондой эле, заманбап медициналык жабдуулар менен камсыздоо жана инфратүзүмдү жаңылоо боюнча кошумча долбоорлор пландалган.

## Ден соолукту көзөмөлдөө

Оорулардын өсүшүн азайтуу максатында үй-бүлөлүк дарыгерлер үймө-үй кыдыруу жүргүзүп, оорулардын алдын алуу иш-чараларын алып барышууда. Бейтаптардын тез жардам чакыруусу 6354 учурду түзгөн. ҮДТ жана ФАПтарга үй- бүлөнү пландаштыруу боюнча иш сапарлар уюштурулду. Медицина кызматкерлери менен биргеликте айыл өкмөтү, ден соолук комитети, милиция кызматкерлери, жергиликтүү дин кызматкерлеринин катышуусунда семинарлар өткөрүлдү.

Эрте никеге туруунун, тууган арасындагы никенин кесепеттери боюнча эл арасында тиешелүү түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүдө. Эрте никеге турган 5 жаран катталып, тизмелери социалдык коргоо жана ички иштер мекемелерине берилди.

## Эненин ден соолугу-улуттун келечеги

Энеликти коргоо социалдык жана медициналык мааниге ээ. Өткөн 6 айда Өзгөн ЖДПБда 1293 кош бойлуу аял каттоого алынган. Кош бойлуу аялдарга акушердик-гинекологиялык кызматтын сапатын жакшыртуу боюнча «Кош бойлуулуктун патологиясы" кааасы ачылып, атайын даярдыктан өткөн гинеколог дарыгери жана акушер дарыгери иш алып барууда. Ар бир ҮДТ, ФАПтарда кош бойлуулук боюнча каттоого алынган аялдар кооптуу тайпаларга бөлүнүп, гинеколог дарыгеринин кароосунан өтөт. Алыскы аймактарда жашаган кош бойлуу аялдарга медицина кызматынын сапатын жогорулатуу боюнча акушер-гинеколог дарыгерлер бөлүнүп, ар айда айылдарга бир жолудан барып аялдарды көзөмөлдөп келишүүдө. Кош бойлуу аялдарга 1 жылга бекер полюстар берилип кошумча пакеттен дары-дармек М: йодомарин, фолий кислотасы, "сульфат железо" жазып берилүүдө.



Өзгөн ЖДПБда жаш энелер мектеби ачылган, ал жерде кош бойлуу мезгилинде 4 сабак, төрөттөн кийин 1 сабак окутулат. Өткөн жарым жыл ичинде 920 кош бойлуу аял жаш энелер мектебинде окутулду. Алыскы жайгашкан 6 ҮДТда кабинет ачылып, атайын даярдалган медайым кош бойлууларга сабак өтөт. Бул мезгил аралыгында энелердин өлүмү катталган жок.

## Кургак учук менен күрөшүү

Кургак учук оорусунан сактануу жана ооруулуларды өз убагында эрте табуу жана дарылоо боюнча профилактикалык түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүдө. Ошентсе да, бул оору менен жаңы ооругандар 46ны түздү. Ооругандардын көпчүлүгүн социалдык жашоо шарты оор, ички жана сырткы миграцияда жүргөн жарандар түзөт. Бул боюнча ооруну эрте табуу, элге түшүндүрүү иштери медицина адистери менен үзгүлтүксүз жүргүзүлүүдө.

Өзгөн ЖДПБнын стационары 380 керебетке эсептелген, хирургия, сынык-жараат, шашылыш жардам көрсөтүү, чоңдорду жандандыруу, балдар, балдарды жандандыруу, терапия, неврология, төрөт, аялдар, жугуштуу оорулар жана кошумча ЦСО, УМО, прачка, ашкана, аптека, кан куюу бөлүмдөрү бар. Өткөн 6 айда стационарда жатып дарыланып чыккан бейтаптардын саны 8206ны түздү.

Сынык жараат бөлүмү бардык шарттары бар керебет жана матрастар менен камсыз болгон. Балдарды кабыл алуу бөлүмү медициналык жабдуулар менен толукталды. Оорукананын аймагында коопсуздукту сактоо максатында бардык бөлүмдөргө жана имараттын сырткы тарабына видео байкоо орнотулуп, ооруканага 24 саат көзөмөл жүргүзүлөт.

## Кечиктирилгис медициналык жардам көрсөтүү

Кечиктирилгис медициналык жардам көрсөтүү бөлүмүндө учурда 7 дарыгер 12 орто медициналык кызматкер эмгектенет.



Бардык медициналык кызматкерлер кечиктирилгис медициналык жардам көрсөтүү боюнча атайын медициналык курстардан өткөн. Бөлүм бардык заманбап медициналык жабдуулар менен камсыз болгон. Кайрылган бейтаптарга биринчи медициналык жардам көрсөтүлүп, 24 сааттын ичинде бейтаптын абалына жараша үйүнө жөнөтүлөт же бөлүмгө которулат. Бейтап баяндары электрондук тариздө толтурулат.

## Төрөт үйүндөгү үмүттөр

Өткөн 6 айда төрөт бөлүмүндө 1134 аял төрөгөн. Участкалык дарыгерлер ҮДТ, ФАПтар менен бирдикте иш алып барышууда. Өткөн 6 айда кесерово операциясы менен төрөгөндөр, үйүндө төрөп келгендер көбөйгөн. Былтыркы жылга салыштырмалуу кош бойлуу аялдардын экстрогениталдык оорулары, аз кандуулук азайган. Төрөт бөлүмүндө операциялардын саны 89ду түздү. Терапия бөлүмү ЭКГ, кардиовизор, кислороддук концентраторлор, дары-дармек үчүн муздаткыч, бейтаптардын тамак-ашы үчүн муздаткыч менен камсыз болгон. Бөлүмдө оор абалда келген неврологиялык бейтаптар үчүн 10 керебет ачылган. Оорулардын басымдуу көпчүлүгүн жүрөк кан-тамыр оорулары, дем алуу органдарынын оорулары түзөт. Жылдан жылга кант диабети менен ооругандар көбөйүп жатат.

## Ар кандай оорунун алдын алуу маанилүү

Сезимтал оорулар бөлүмүндө жаткан бейтаптардын көпчүлүгүн нерв системасынын кан- тамыр оорулары менен жаткандар түзөт. Кара-Дыйкан айылында жайгашкан Кургак учук ооруканасы жабылып, Өзгөн ЖДПБнун балансына өткөрүп берилгендигине байланыштуу, сезимтал оорулар бөлүмү кургак учук диспансерине көчүрүлгөн. Мында бейтаптар үчүн бардык шарттар түзүлгөн. Азыркы учурда оор акыбалдагы бейтаптар үчүн ички оорулар бөлүмүнөн 10 керебет берилген. Сезимтал оорулар бөлүмүндөгү бейтаптардын көпчүлүгүн кан тамыр оорулары менен кайрылгандар түзөт.

## Балдардын ден соолугуна камкор бололу

Балдар бөлүмүндө жатып дарыланган бейтаптардын көпчүлүгүн дем алуу органдары менен ооругандар түзөт. Балдар бөлүмүндө дарыланып, абалы оор болуп кеткендигине байланыштуу 28 бала жандандыруу бөлүмүнө которулган. Бөлүмгө көпчүлүгү айыл кыштактардан келип каттады. Жандандыруу бөлүмүндө январь, февраль айларында балдардын дем алуу органдары менен ооругандардын саны көбөйгөн.

Жугуштуу оорулар бөлүмү 40 керебетке эсептелген, анын ичинен 20 керебети чоңдор үчүн, 20 керебети балдар үчүн ылайыкташкан. 2025-жылдын өткөн 6 ай ичинде жугуштуу оорулар бөлүмүнө 418 бейтап жатып дарыланды.

**А.МАТИЕВА**

# Күз-кыш мезгилине даярдык



Ош облусунда 2025/2026-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдыкты камсыз кылуу максатында атайын жыйын өттү. Жыйынга Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары Курбанбек Айтибаев төрагалык кылып, ага "Кыргызкөмүр" мамлекеттик ишканасынын "Түштүк" филиалы, Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын Ош облустук бөлүмү, жаратылыш ресурстары жана техникалык көзөмөл боюнча аймактык башкармалык, райондук администрациялардын өкүлдөрү жана көмүр казуучу 29 чарба субъектинин жетекчилери катышты.

Жыйындын күн тартибине төмөнкү эки маселе коюлду:

1. Ош облусунда көмүр баасын туруктуу кармоо чаралары жана көмүр баасын аныктоо маселеси;

2. Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 28-майындагы №282 токтомунун аткарылышы жана 2025/2026-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдык иштери.

Жыйындын жүрүшүндө көмүр жеткирүү, сатуунун логистикасы, баанын негизделиши жана көмүр сатуучу базалардын жетишсиздиги боюнча маселелер талкууланды. Ошондой эле электр энергиясын үнөмдөө, жылытуу системаларынын даярдыгы жана көмүр камдоо иштери боюнча тиешелүү органдарга тапшырмалар берилди.

**К.Орунбаева.**

Поэзия кайрыктары

# БИЗ ЧОҢОЙГОН ЭСКИ ТАМ...

**Рыспай Сатыбалдыев агабыз жаштайынан ыр жазууга шыктуу. Ал азыркы учурда 70тен ашып 80ди өрдөп баратат.**

**Айылдык акын жүрөгүндөгү адам турмушунун keриптүү ой толгоолорун пенде кабылдоосуна жан шерик кылып жазууга дил үрөйт.**

**Айылдык акындын жазган ырлары такай болбосо да райондук облустук басылмаларда жарыяланып келет. Ушундан улам акындын соңку жазылган ыр саптарын окурмандарга сунуш кылууну эп көрдүк.**



## БИЗ ЧОҢОЙГОН ЭСКИ ТАМ

Көз чаптырсам мен туш тарапка,
Зээним кейип мүңга батам заматта.
Жерге чөгүп мурдагыдай көркүң жок,
Бурч-бурчуңдан кетип жатат жарака.

Туз сепкенсип тырмап эски жаратка,
Тыз-тыз этип сыздайт жүрөк заматта.
Жылуу элең, жарык элек, кең элең,
Биз чоңойгон ошол кезиң каякта.

Эл чогулуп жоро бозо ичишип,
Азил айтып бири-бирине тийишип.
Ушул үйдө кимдер кана болбоду,
Кумар ойноп уттурганга күлүшүп.

Кээ бүрөөнүн бөлөк эле салмагы,
Сөзүн бөлбөй угар эле калганы.
Түрткүлөшүп түш ооганда кетишчү,
Чала кызуу баары тегиз жайдары.

Каруу кайтып өбөктөгөн чал болуп,
Калдың беле кароосу жок чал болуп.
Эскирипсиң мөгдүрөпсүң кантейин,
Ээсин күткөн ээнсиреген там болуп.

Өткөн тура сенин дооруң убагың,
Баарын эстеп мен кайышып турамын.
Тагдыр ушул картайыпсың кантейин,
Мезгил жетсин, эми сенин убалың.

Абалың оор так азыркы учурда,
Айла таппай аяп кетем ушунча.
Куттуу үйүм кыялбаймын чын айтам,
Колум барбайт сени бузуп коюуга .



## ТААРЫНЫЧ

Алда неден чочулап сактанамын,
Ойлоп көрсөм оору эмес таптазамын.
Мен өзүмдү жоготуп койгон окшоймун,
Баштагыдан негедир башкачамын.

Эмнени эстейт көңүлүм кусаланып,
Сезим бошоп баратат жукаргансып.
Башкара албай өзүмдү баратамын,
Болоор болбос нерсеге капаланып.

Жадап бүттүм ар кыял келе берип,
Жанчылууда жан дүйнөм тебеленип.
Жаман экен кызыксыз азап чегүү,
Жабыркадым туюка жетеленип.

Бүлүк түшүп ичимден камыгамын,
Бүт оюмдан адашып жаңыламын.
Бүркөө күндөй буулугуп ачыла албай,
Билсең боло мен кимге таарынамын.

## ЖАЙЛООДО

Ар колоттон, ар булактан куралып,
Тиш какшаткан мөлтүр кашка суу агып.
Кана жутуп, жүз чайсаң тим эле,
Көңүл сергип кубанасын тим эле.

Ой карагат асем жайлоом аманбы,
Тааныдыңбы тээ илгерки баланды.
Кетким келбей кечке жүрсөм кадамдап,
Балалыктан калган изим табамбы.

Билбептирбиз ал убакта жаш элек,
Жадап кетип жакага көп каччу элек.
Мен улгайдым сен турасын жаш бойдон,
Жигит кезим өскөн жайлоом Актерек.

Чокусунан булут кетпей таптакыр,
Жамгыр менен жердин бети жапжашыл.
Эки кесе кымыз ичсем ныксырап,
Чөбү гөдөө көркөм жайлоо Сарыбашыл.

Белге чыгып көз чаптырсаң бир сыйра,
Көңүлүңө эргүү келет бир кыйла.
Сандаган мал кучагына толбогон,
Баш аягы кенен жайлоо Туз-Жылга.

Алма, Ордо-Атчуу бири-бирине жанашып,
Чыргайына кирген малың адашып.
Ак ооз тий деп колун булгап чакырчу,
Эчким чыкпай ээн сүрөөдө Саячык.

Айта берсем бул да өзүнчө бир арман,
Кепе салып баары азыр ээн калган.
Ар жылгага айдап малын бош коюп,
Жан таппайсын желе байлап бээ сааган.

## АМАНДЫКТА ЖҮРӨЛҮ

Бири токтоо, бири шашма жаралган,
Ар кыялдуу болот тура ар адам.
Экөөбүздө эки башка мүнөз бар,
Маани берип салыштырып карасам.

Жаан алдында шамалга окшоп ойт берген,
Ойлорумду топтой албай баратам.
Күйпөлөктөп бүтөөр ишти бүлүнтпөй,
Жакшы болоор жагдайына карасам.

Коошуп турса оюң ишиң ширелип,
Жолуң арбыйт үмүттөргө ишенип.
Коомайланып коркок билиш болбостон,
Акылыңа баш ий дайым ишенип.

Келечекте бардык асыл максатка,
Жашоо жакшы жаратканда тиленип.
Алыстабай биребизден бирибиз,
Арзуу айтып амандыкта жүрөлүк.

## СЕН БАР ҮЧҮН

Сен бар үчүн ыр издетпей табылат,
Аздектелип ак баракка жазылат.
Сен бар үчүн булут тарап көктөгү,
Добуул болбой күн да дароо ачылат.

Чынжырланып ой санаага бир алдын,
Чүнчүп кеттим билмек беле ким аны.
Сен бар үчүн көңүлүмдү сергитип,
Сокконсуду мелүүн жумшак жел аргы.

Түңүлбөгөм ишенчүмүн дайыма,
Кулк мүнөзүм сага деле дайын да.
Сен бар үчүн баары оңой чечилип,
Турмуш нугу түштү кайра жайына.



## ЖАКШЫ ЖАНСЫҢ БИЛЕМИН

Жан дүйнөсүн оорутпаган бүрөөнүн,
Жароокер жан экениңди билемин.
Наристедей тунук жумшак пейлиңе,
Салыштырам Анжияндын жибегин.

Дайым таза сага каалоо тилегим,
Жалган айтпайм аны өзүм билемин.
Кабак чытпай күлкү турган жүзүңдөн,
Мээримдүү жан экениңе күбөмүн.

Салакада токтоо жумшак мүнөзүң,
Тызылдатты канчалардын жүрөгүн.
Жагынам деп айтып жаткан жерим жок,
Татыктуусун баардыгына бир өзүң.

Эске салып жаштыгымдын бир күнүн,
Сага арнадым ой толгомдун бүркүмүн.
Арабызда жакшы адамдар аз эмес,
Бирок сенин башкачаарак сүйкүмүң.

**Рыспай Сатыбалдыев,**
**Кара-Кулжа району**
**Рыспай Абдыкадыров атындагы**
**айыл аймагы. Кулоожун айылы.**

Кызматташтык

# ДЕҢИЗДЕГИ БИОЛОГИЯЛЫК АР ТҮРДҮҮЛҮКТҮ КОРГОО

**Жакында Нью-Йорк шаарындагы Бириккен Улуттар Уюмунун штаб-квартирасында Кыргыз Республикасынын экономика жана коммерция министри Бакыт Сыдыков улуттук юрисдикциядан тышкаркы аймактардагы деңиздеги биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо боюнча (BBNJ) Макулдашуунун негизги документине кол койду.**

Макулдашуу деңиздеги биологиялык ресурстарды коргоо жана туруктуу пайдалануу, деңиз генетикалык ресурстарына жетүүнү жөнгө салуу, эл аралык илимий кызматташтыкты өнүктүрүү жана деңиз экосистемаларын башкарууну чыңдоо максаттарын көздөйт.

Кыргыз Республикасынын бул эл аралык документке кошулуусу өлкөнүн айлана-чөйрөнү коргоо жана туруктуу өнүгүү жаатындагы глобалдык аракеттерге берилгендигин дагы бир ирет тастыктайт. Деңизге түз чыгуунун жоктугуна карабастан, Кыргызстан глобалдык экосистемалардын өз ара байланышын жана аларды сактоо боюнча биргелешкен аракеттердин маанилүүлүгүн тааныйт.



BBNJ Макулдашуусу Бириккен Улуттар Уюмунун алкагында көп тараптуу эл аралык келишим катары иштелип чыгып, Туруктуу өнүгүү боюнча күн тартибиндеги 14-максат – "Деңиз экосистемаларын сактоо" боюнча иш-чаралардын бир бөлүгүн түзөт. Макулдашуу ачык деңиз мейкиндиктериндеги биологиялык ар түрдүүлүктү эл аралык деңгээлде коргоо механизмдерин күчөтүүгө багытталган.

Салык кызматы

# КӨРСӨТКҮЧТӨРДҮН ЖОГОРУЛООСУНА МҮМКҮНЧҮЛҮК ТҮЗҮЛДҮ

**Өлкөдө коррупция менен аёосуз күрөш жана экономикадагы жалпы саясат салыктык көрсөткүчтөрдүн жогорулоосуна мүмкүнчүлүк түзүүдө. Бул тууралуу КР Мамлекеттик салык кызматынын төрагасы Алмамбет Шыкмаматов Улуттук телерадиоберүү корпорациясынын "Ала-Тоо 24" каналына берген түз эфирдеги маегинде билдирди.**

Ал маалымдагандай, акыркы жылдагы жүргүзүлгөн реформалардын натыйжасында салыктардын жыйналышы кескин өстү. 2020-жылы 63 млрд. салыктык жыйымдар чогултулса, 2023-жылы 155 млрд. сом жыйналган. 2025-жылы 268 млрд. сом чогултуу планы коюлган. Ушул жылдын биринчи алты айында план 11 млрд. сомго ашыгы менен аткарылды.

Салык кызматынын төрагасы салыктык түшүүлөрдүн өсүү динамикасына бир нече факторлор таасирин тийгизгенин кошумчалады.

"Азыр салыкчылар менен ишкерлер кээде гана жолугуп калышты, жол-жоболорду жөнөкөйлөштүрүп койдук. Бул жалгыз биздин эмгек эмес. УКМКдагы коррупция менен күрөшүп, олуттуу салым кошуп жатышат. Камчыбек Кыдыршаевич да айтпадыбы? Байыгын келсе бизнеске бар деп. Аны сыңарындай байыгысы келсе, ишкердик кылыш керек. Мамлекеттик кызматкерлер коррупция кылбай, ишкерлер дагы сүйлөшүп алып салыктан качпай, төлөп калышты.

Президент жылдын башынан бери эки Жарлыкка кол койду. Эки Жарлык тең ишкерлерди колдоо, чакан жана орто бизнести коргоо, инвестициялык климатты жакшыртууга багытталды", - деп баса белгиледи Алмамбет Шыкмаматов.

Эске салсак, үстүбүздөгү жылдын 2-июлунда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы – Президенттин Администрациясынын Жетекчиси Адылбек Касымалиевдин жетекчилиги алдында өткөн жыйында КР Мамлекеттик салык кызматы алты айдын жыйынтыгы менен планды 6,7 млрд сомго ашыгы менен аткарганын билдирген.

Камкордук

# КЫСКА МӨӨНӨТТҮҮ БАЛА БАКЧАЛАР

**«Келечек үчүн билим берүү» жана «Окутуунун негиздерин бекемдөө» долбоорлорунун алкагында түзүлүп жаткан кыска мөөнөттүү 560 бала бакчанын 51и 2025-жылдын сентябрь айына чейин пайдаланууга берилет.**

Пландалган 560 бакчанын 509унда оңдоп-түзөө иштери бүткөрүлүп, иштеп жатат. Учурда калган 51 объектте реконструкция иштери жүрүп, жумуштар дээрлик 90% бүткөрүлдү. Мындан сырткары бакча үчүн керектүү болгон эмерек, килем, өнүктүрүүчү куралдар, оюнчуктар, китептер, колдонмолор жана балдар аянтчалары ар бир объектке жеткирилип, көпчүлүгү орнотулган.



Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги ишке ашырып жаткан «Келечек үчүн билим берүү» жана «Окутуунун негиздерин бекемдөө» долбоорунун алкагында кыска мөөнөттүү 500 бала бакча жана 60 өнүктүрүү борбору түзүлүп жатат. Алар аркылуу 20 миңден 40 миңге чейинки (3-5 жаштагы) бала мектепке чейинки билим алууга тартылат. Бул бакчаларда билим алуу акысыз.

Кыска мөөнөттүү бала бакчада балдар 3 саат болушат, аларды өнүктүрүүгө мамлекеттик стандарттын негизинде жетиштүү убакыт бөлүнөт. Болгону уйку жана тамак берүү каралган эмес. Мындай бала бакчалар экономикалык жактан үнөмдүү жана 3 сааттык болгондугуна байланыштуу эки нөөмөт менен эки эсе көп баланы камтый алат.

**Даярдаган: К.Кыдыралиева.**

Жарыялар

## Жокко чыгарылсын

Кара-Суу районунун Мады айыл өкмөтүнүн балансында турган төмөнкү техникалар жокко чыгарылсын:

- ВАЗ 21074 – 2003-жылы чыгарылган;
- ГАЗ САЗ 3507 – 2003-жылы чыгарылган;
- ЮМЗ ЭО – 2621 – 1986-жылы чыгарылган.

## Акционерлердин чогулушу

"Завод ЖБИ– 4" ААК 14.08.2025 – жылы саат 10:00дө акционерлердин кезексиз жалпы жыйынын өткөрөт. Каттоо 2025 – жылдын 14– августунда эртең мененки саат 9:00дө башталат жана саат 10:00дө жарым жылдык жыйын башталат. Дареги: Ош шаары, Раззаков көчөсү №19.

Күн тартиби:

1.2025 –жылдын жарым жылдык жыйынтыгы боюнча эмгек жамаатынын башкы директорунун отчету.

2.Ош шаарындагы Раззаков көчөсү №19 дарегиндеги "Завод ЖБИ– 4" ААК жайгашкан жеке менчик жерди Ош шаардык муниципалитетке өткөрүп берүү маселеси каралат.

## ЖАРАКСЫЗ ДЕП ТАБЫЛСЫН

Абдрахманова Айпери Мухтаровнага таандык Ош мамлекеттик университетин дарылоо иши адистиги боюнча 2024– жылы 18 – июнда бүтүргөндүгү тууралуу берилген УВ № 240171906 дипломунун тиркемеси жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

## Сынак жарыяланат

Кара-Суу районунун Мады айыл өкмөтүнүн Социализм айылынын Өжөр участкасында жайгашкан 153,90 гектар жер участогун 49 жылга чейин мөөнөткө ижарага пайдаланууга, долбоорлоого жана өндүрүштүк кайра иштетүүчү ишкана куруу үчүн (бөлүктөргө бөлүнүп берилиши мүмкүн) сынак жарыяланат. Сынак 1 лот менен коюлат.

Сынак 2025-жылдын 27 – августунда саат 16:00дө Мады айыл өкмөтүнүн кеңсесинде өтөт.

Дареги: Ош облусу, Кара-Суу району, Мады айыл өкмөтү, Асанчек айылы.

Сурап билүү телефондору: (0775) 100 269, (0550) 661 221.

## Считать недействительным

Опубликованное объявление в газете «Ош жаңырыгы» №17 (16975) от 05.07.2025 года, на стр. № 7 от ОсОО «АИМ.Лоу.Партнерс» считать недействительным в части проведения публичных торгов на предмет залога в Российско-Кыргызском Фонде развития:

• Квартира, общей полезной площадью 87,33 кв.м., жилой площадью 40,48 кв.м., находящаяся по адресу: Кыргызская Республика, город Ош, улица М. Аматова, дом 1, квартира 22, идентификационный код: 5-11-02-0070-0093-01-022, принадлежащая Орозбаеву Тайирбеку Эргешовичу на праве частной собственности на основании Договора купли продажи от 24.12.2021 года, реестр №511-2021/72623.

Начальная (стартовая) продажная цена – 65 043 (шестьдесят пять тысяч сорок три) доллара США. Публичные торги состоятся 12 августа 2025 года в 10:30 часов по месту расположения имущества.

Настоящим сообщаем, что публичные торги по вышеуказанному объекту отменены.





# «Мейкин Азия»: Ысык-Көлдү дүйнөлүк жылдыздар менен жарык кылган фестиваль

**Ысык-Көл облусунун Чолпон-Ата шаарында «Мейкин Азия» популярдуу музыка аткаруучуларынын эл аралык фестивалы быйыл төртүнчү жолу өтүп, дүйнөнүн төрт бурчунан ырчыларды чогултту. Иш-чарага Кыргызстан, Өзбекстан, Казакстан, Босния жана Герцеговина, Аргентина, Франция, Тажикстан, Испания, Румыния, Сербия, Орусия сыяктуу 25 мамлекеттен таланттар катышты. Эл аралык макамы бар фестивалдын калыстар тобуна да ушул өлкөлөрдүн мыкты композиторлору тартылды. Кыргызстандык композитор Ырыскелди Осмонкулов алардын катарында болду. Фестивалга эл аралык аренада ийгилик жаратып, көптөгөн өлкөлөрдөн өз угуучуларын топтогон «Ay-Yola» тобу, ырчы Севак жана дүйнөлүк мега жылдыз Димаш Кудайбергеновдор конок катары чакырылышты.**



## Фестивалдын биринчи күнү

Чу дегенде эле фестиваль түрдүү этно маданияттарды камтыган сахналык көрүнүш менен башталып, «Ак булуттар» ыры жандуу аткарылды. Мамлекет катчы Марат Иманкулов жана Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министринин орун басары Тимурлан Ажымалиев фестивалды расмий түрдө ачып бергенден кийин 25 өлкөнүн катышуучулары ирети менен чыгып, алып баруучулар ар бир ырчыны тааныштырды. Аны менен катар ырчылар ччүү кулакта тандалган номурлары менен сахнага чыгышып, өздөрүнүн эне тилдериндеги ырларын аткарышты. Ошентип биринчи күндөгү иш-чаранын фонунда сынакка катышкандардан сырткары, кыргызстандык айрым эстрада жылдыздары ырдашты.

## Фестивалдын экинчи күнү

Бул күнү да ырчылар ччүү кулакта тандалган номурлары астында сахнага чыгып, дүйнөгө белгилүү ырларды өзгөчө чеберчилик менен актарышты. Андан кийин армениялык ырчы Севак бир нече ырлары менен кыргызстандык күйөрмандарын кубантты. Андан кийин орусиялык «Ay-Yola» тобу сахнага чыгып, бир катар чыгармаларын тартуулады. Ал постсоветтик өлкөлөрдө популярдуулукка жетишкен «Хомай» ырын да аткарды. Аны менен кошо эле башкыр тилинде бир нече этно ырларын аткарып, көрөрмандарга шаңдуу маанай тартуулашты.

22-июль күнү мега жылдызы Димаш Кудайберген Чолпон-Атага келди. Аны ТҮРКСОЙ уюмунун баш катчысы Султан Раев жана КР Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлигинин өкүлдөрү тосуп алышты.

Казакстандын атын дүйнөгө тааныткан атактуу ырчы 2013-жылы Кыргызстан өткөргөн "Мейкин Азия" фестивалынын биринчи баш байгесин жеңип, алгачкы эл аралык ийгилигине дал



ушул Ысык-Көл жээгинде жеткен. Андан бери он эки жыл өтсө да, Димаш Кыргызстанга, фестивалга жана бул жердеги күйөрмандарына өзгөчө ыраазычылык менен мамиле кылып келет.

"Димаш өзүнүн жүрөк сүйгөн ырларын кыргыз-казак элинин түбөлүк достугуна арнап, "Мейкин Азиянын" сахнасынан жүрөктөргө нур чачат. Ал дүйнөнү багынткан таланты менен кыргыз



элине болгон урматын дагы бир жолу көрсөтүп жатат", — деди Раев.

## Фестивалдын жыйынтыктоочу күнү

Фестиваль башталган учурда ага президенттин катышуусу белгисиз эле. Бир нече күн мурун Монголиянын президенти мамлекеттик сапар менен Кыргызстанга келген болчу. Фестивалдын жыйынтыктоочу күнүнө Садыр Жапаров менен Монголиянын президенти келип, ардактуу конок болушту. Бул күнү фестиваль өзгөчө шаан-шөкөт менен уланып, монгол өнөрпоздору чогулган элге өз өнөрлөрүн тартуулап, айлананы шаңга бөлөдү.

Анын менен катар жеңүүчү болгон ырчылар өздөрү сүйгөн композицияларды аткарышты.

Калыстар тобунун берген упайларынын жыйынтыгында байге ээлери аныкталып, сертификаттар тапшырылды. Жыйынтыгында, Македония өлкөсүнүн катышуучусу Полина Тасева, Түркия Республикасынан келген Еже Ата жана Өзбекстандан келген Тажиев Тулкин 3-орунду ээледи.

Экинчи орунга КаМир (Кыргызстан) Виталий Дроб (Беларусь Республикасы) ээ болушса, 1-орунду кыргыз аткаруучусу Урмат Сатыбалдиев алды.

Бул арада Димаш Кудайберген сахнага чыгып, күйөрмандарына жагымдуу маанай тартуулады. Анын келерин билген күйөрмандары Чолпон-Ата ипподромун толтурушту. Димаш өз репертуарындагы бир нече ырларды аткарды. Ал орус композитору Игорь Крутойдун "Любовь уставших лебедей" композициясын аткарганда, күйөрмандары аны менен кошо ырдап турду. Ошентип Димаштын бул "кичи концерти" да аншлаг менен өттү.

Бир нече күн мурун жергиликтүү ЖМКлар Димаш Кудайберген "Мейкин Азия" фестивалында гонорардан баш тартканын, анын бул кадамы кыргыз-казак элинин достугу үчүн экенин жазышкан.

Фестивалдын жүрүшүндө алып баруучулары президенттин өзгөчө жарлыгын таанштырышты. Арийне, Димаш Кудайберген Садыр Жапаровдун жарлыгы менен "КР Эл артисти" наамына ээ болду. Казакстандык мега жылдыз бул үчүн президентке ыраазылыгын билдирип, сыйлыкты аванс



катары кабыл аларын айтты.

Ошентип фестиваль өзүнүн кульминациялык учуруна жетип барды. Алып баруучулар гран-прини тапшыруу үчүн сахнага Мамлекеттик катчы Марат Иманкуловду, Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министри Мирбек Мамбеталиевди чакырышты. Алгач гран-принин ээсинин жогорку чыгармачылыгын белгилешкен алып баруучулар баш байге ээсинин ысымын аташты. Ал румыниялык ырчы айым Стынчуляша Мария-Диана болду. Ага башге байгени туюндурган статуэтка жана 8 миң АКШ доллары тапшырылды.

Күн мурун бай байгени алган ырчыга 8 миң АКШ доллары, 1-орунду багындырган ырчыга 5 миң АКШ доллары тапшырылары айтылган эле. Ошентип үч күн бою уланган фестиваль аягына чыкты.

## Димаштын маалымат жыйыны

Димаш Кудайберген 23-июль күнү журналисттер менен жолугуп, суроолоруна жооп берди.

«Кыргыздар — бул бизге Кудай берген бир туугандар! Мен биздин бир туугандык мамилебизге, өз ара урмат-сыйга жана жан дүйнө жакындыкка абдан чоң маани берем. Биздин ортодо чек аралар жок — жалгыз асман, музыка жана чыныгы туугандык сезим гана бар»,-деди ал.

Ошондой эле, кыргыз ырларынан кайсыл ырды жакшы көрөрүн да айтты: «Кыргыз элинин укмуштуудай акылман, байыркы музыкасы бар. Мен аны аябай жакшы көрөм жана зор кызыгуу менен изилдеп келем. Ал музыканын ичинде терең маани, күч жана көчмөн рух жашайт. Менин эң сүйүктүү кыргызча ырым — "Күйдүм чок" — бул ыр жүрөктү эзип, көзгө жаш алат», - деди Димаш.

Ырчы анын өзүн жана чыгармачылыгын негизсиз сындагандарга да жооп берди.

«Хейтерлер дейсиңерби? Мен хейтерлерди жакшы көрөм. Алар мени алдыга түртөт, өсүүгө мажбурлайт. Акыл-эстүү адам катары айта кетейин, бул сыйлык мага жөн эле ырдаганым үчүн эмес же кыргыз элинде популярдуу болгонум үчүн берилген эмес. Бул — элдерибиздин достугуна болгон урмат. Хейтерлер канчалык аракет кылбасын, бул достукту эч качан бузалбайт»,-деп жооп берди.

Мындан сырткары ал музыкага кызыгып калуусунун себеби анын чоң энеси болгонун белгиледи.

«Учурдан пайдаланып, апама терең ыраазылык билдиргим келет. Чынында ал менин чоң энем, бирок бизде улуураак балдарды чоң ата-чоң энелерге тарбияга берүү салты бар. Ошондуктан мен чоң энемдин колунда чоңойгом жана аны "апа" деп атачумун. Анын буттары оорулуу болчу, артрит менен жабыркачу, бирок ошого карабай көп жылдар бою менин музыка мектебиме барып-келишим үчүн, жөө, автобус менен, ысык-суукта мени өзү коштоп жүрчү. Ошол жерден мен музыка илиминин негиздерин үйрөнгөм»,- деди Д. Кудайберген.

Аны менен катар эле казак ырчысы эч кимге белгилүү эмес учурда аны колдогон кыргыздарга ыраазылыгын билдирди.

«Кытайдагы "I am singer", АКШдагы "The World Best" сыяктуу долбоорлор мени дүйнөгө тааныпты. Бирок мага алгачкы түрткү болгон фестиваль — бул Ысык-Көлдө өткөн "Мейкин Азия — 2013" фестивалы! Ошол кезде мени эч ким таанычу эмес. Ошондо мага ишенген кыргыз элине терең ыраазымын!»,-деди ал.

**Автор: Бек Турган.**